УДК: 811.512.154

Койлубаева А.

К. Тыныстанов ат. ЫМУ

“МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ –ЫП МҮЧӨЛҮҮ БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ КОШМО СҮЙЛӨМДҮН МААНИЛЕРИ

Макалада -ып мүчөлүү багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөрдүн берген маанилери талдоого алынат.

Ар бир элдин эне тили жалпы адамзаттык маданияттын өзөгүн ар тараптан байытып, толуктап турган негизги булак болуп саналат. Адамдар дүйнөнү тил аркылуу таанып билет, тил аркылуу аң-сезимин байытат. Ошондуктан тил адамзатка тиешелүү бардык маданиятты өзүнө сиңирип турат. Тил байланыш, катнаш куралы гана эмес, тил - адамдардын, ошол тилде сүйлөгөн жалпы элдин рухун, жан дүйнөсүн, маданиятын, акыл-эсин, буга чейин топтогон турмуштук тажрыйбаларын жана бүтүндөй өнөрүн сактап, өнүктүрүп, өөрчүтүп турган көөнөргүс дөөлөт.

Түрк цивилизациясынын эки миң жылдык тарыхында ааламда жаралган эң бир асыл көркөм дөөлөттөрдүн арасында “Манас” эпосу турат. Анда биздин бүтүндөй дүйнөбүз, турмушка карата оң же терс көз карашыбыз, үмүт-тилегибиз, ишеним-парасатыбыз, көкүрөктө терең сакталган, муундан муунга өтүп турган каада- салт, үрп-адатыбыз, дүйнөгө карата философиялык ой-чабытыбыз, көркөм ой жүгүртүү дараметибиз, сулуулукту, аруулукту сезүү-туюубуз жана баалоо терең камтылган. “Манас” эпосун изилдөөдө жана аны дүйнөнүн башка элдерине таанытуудагы эң орчундуу башкы маселеси - анын көркөмдүгү болуп саналат. Көркөмдүк маселесин так аныктап көрсөтүүдө, анын табиятын ачууда тилдин ролу чоң, анткени көркөмдүктүн булагы жана анын каражаты - тил аркылуу аныкталат. Ал эми тилибиздин өтө бай сөз коруна келе турган болсок, миң жылдык эч өзгөртүүсүз колдонулуп келе жаткан катмарын да, сейрек учурап калган же башка тилдерден өздөштүрүлгөн кошумчаларын да арбын кездештиребиз. Алардын ар бирин өз орду менен изилдөө алкагына тартууга болот. Ошентсе да, биз эпостогу сүйлөмдөрдүн синтаксистик түзүлүшүнө, баш сүйлөмдөр менен багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдоруна талдоо жүргүзүүнү максат кылдык, себеби эпостун эң кооз поэтикасын, көркөм стилин үңүлүп карап көрсөк, анда эне тилибиздин тил байлыгына багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн сансыз көп колдонулгандыгын сезебиз. “Манастагы” мүнөздүк өзгөчөлүктү ачууда эпикалык чакырыктар, диалог, эпикалык баяндоо жолдору, ошондой эле каармандын монологу, ой-толгоолору жүрүп жаткан окуяга, абалга байланыштуу айтылып отурат. Мисалы: душмандын баатыры менен кармашуу үчүн майданга аттанып чыккан Манастын портреттик элеси эпосто:

Аккула менен болкоюп,
Найза колдо койкоюп,
Наакери бутта чойкоюп,
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Найза колдо зыңгырап,
Аккелте жондо жаркылдап,
Ак асаба, сур желек
Найзасында жаркылдап,
Ак шумкар куштай жаркылдап,
Майданга баатыр барганы, - деп айтылат.

Бул кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөр бирдей маани билдирип, баяндоочтору ***–ып*** формасында уюшулган бир өңчөй сыпат багыныңкылар баш сүйлөмдөгү (Майданга баатыр барганы) кыймыл- аракеттин кантип, кандай

мүнөздө аткарылганын билдирип турат. Багыныңкы сүйлөмдөр жогорудагыдай бир нече сап болуп кабатталып келгенде, сөз болуп жаткан объектинин (Манас баатырдын) сапаты улам терең ачылып, конкреттештириле берери сезилип турат жана анын жандуу элеси көз алдыга келет.

Эпосто *–ып* формасындагы чакчылдан турган бир өңчөй багыныңкылар жыш учурайт. Сыргак баатырдын Алманбетке жолдош болуп, чалгынга жөнөрдөгү согуштук кийими менен көрүнүшү:

Көлүктүн бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Соот, чарайна, кыягы
Жоодон качпас сыягы.
Бет алып Бээжин элине,
Белдемчи тартып белине,
Калкан жаап башына,
Камдап алып жарагын
Кан Сыргак келди кашына,- деп сүрөттөлөт да, Кан Сыргак келди кашына деген баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кантип, кандайча ишке ашырылгандыгы сыпат багыныңкылар аркылуу белгилүү болуп турат. С.Каралаевде С.Орозбаковдун вариантында айтылбаган Тал-Чоку жөнүндөгү кеңири көрком баяндама бар. Пейзаждык сүрөттөмөлөр менен толтурулган Тал-Чокунун жаратылыш көркөмдүгү өзүнчө бир сүрөттүк көрүнүштү түзөт. Ошондой эле анын жаратылыш байлыгы, көрүнүшү эпикалык баяндоо аркылуу угуучуга жеткирилет. Манас Тал-Чокуда туруп, Таласта жүрүп жаткан окуяны көрөт. Инилери Абыке менен Көбөштүн Манас кайрылып келбей калды деген ой менен жүргөн учуру:

Абыке, Көбөш чоң чыгып,
Дөбөгө чыгып дардактап,
Эми Манас өлдү деп,
Эгем бизге берди деп,
Барса келбес Бээжинден
Манас кайдан келсин деп,
Дөбөгө чыгып барбактап,
Элди көздөп бакырып,
Абыке, Көбөш эки арам
Көбөштөп ураан чакырып
Кутуруп булар калыптыр, - деп берилет.

Мында *-ып* мүчөлүү багыныңкылар аркылуу ушунчалык алыскы эпикалык аралыкты өзү кошо аралашып жүргөндөй кылып көрсөткөн Тал-Чокунун бийиктиги даңазаланган болсо, экинчи жагынан алганда, каармандын өзүнө жараша кошо жаралган куралына (дүрбүгө) байланыштуу маанилер байкалат.

Семетей баатыр Акун кандын шаарына күйөөлөп барганда, Айчүрөктүн тоюндагы кыз оюндун көрүнүшү:

Сексен келин, сексен кыз,
Сексен жигит, сексен уул,
Серпилип оюн салышып,
Оромолдун жоолугун
Токмок кылып бурушуп,
Ургаачы эркек аралаш
Бирин-бири урушуп,
Мына минтип турушуп
Кезек токмок алышып,

Сүйгөнүнө салышып
Эркектери ырдашып,
Ургаачылар тыңдашып,
Эрикпей ойноп алышып,
Сүйгөнүнө барышып,
Кымыз ичип кызышып
Сөөктөрү ысышып,
Жыргалдын четин караса,
Кайран жеңең Айчүрөк
Ушундай салды тамаша,-деп сүрөттөлөт.

Жогорудагыдай сыпат багыныңкылар көпчүлүк учурда бир нече кабатталган сапаттарды түзүп, эпоско жагымдуу ыргак берип гана тим болбостон, мазмунунун динамикалуулугун да арттырып турат.

Эпосто Каныкейдин жалаң гана акылмандыгы, эрдиги, элди башкара билген даанышмандыгы баяндалбастан, сулуулугу, назиктиги төмөндөгүдөй берилет:

Желбиреп сүйлөп Саани кыз,
Жел комуздай шыңкылдап,
Күлсө тиши жарк этип,
Күзгүдөй өңү жалт этип,
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчудай ыргалып,
Лайил алтын жылгасы
Оң чекеде кырданып,
Чылбырдан Каныш алыптыр.

Бул саптардагы ***-ып*** формасындагы сыпат багыныңкылар аркылуу Каныкейдин келбетин, сымбатын көрсөтүү үчүн колдонулган тилдик каражаттар образга таандык болгон мүнөздүк өзгөчөлүгүнө байланыштуу эстетикалык таасирдин күчтүүлүгүн далилдеп турат.

Кээде сыпат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин ***-бай (ба+й)*** формасындагы чакчыл этиш аткарып, баш сүйлөмдөгү айтылган ойдун аткарылыш мүнөзүн сыпаттап көрсөтөт. Эпосто Манастын жоктугунан пайдаланып, элди оңду-солду бийлеп калган Абыке, Көбөштөр Семетейдин тынчтык, ынтымак менен бийликти алышына каршы туруп, кырк чорону баш кылып кол курап, анын ордосуна кол салган учуру:

Берен энең Каныкей
Алмамбеттин Сырбараң
Ала коюп колуна
Оңго ооп бир атып,
Солтондорун кулатып,
Катындыгын билгизбей,
Абыке, Көбөш иттерди
Ал ордого киргизбей,
Эпсиз эрдик кылды эми, - деп айтылат да, Каныкейдин бүткүл турпаты бардык жагынан каармандык аракеттер менен каныктырылгандыгы ***–ып, - бай*** формалуу сыпат багыныңкылар аркылуу жандуу берилет.

Манастын нукура баатырдыгы, жекче эрдиги, майышпас кайраттуулугу анын Эсенкан жиберген калмак-кытай колу менен болгон согуштарында ачык көрүнөт. Анын эпосто:

Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,

Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Күрдөөлдүү башым барында,
Күлүгүм кантип берейин.
Күчөгөн экен бул калмак

Мен бир күжүлдөшүп көрөйүн, - деп турушу өз элинин чыныгы мекенчили экендигин, жеке керт башынын кызыкчылыгы эмес, жалпы кыргыз эли үчүн, анын эркиндигин коргоого анык бел байлап чыккандыгы, ал үчүн өмүрүн да кыюуга даяр экендигин айгинелгендиги, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кандайча, кантип ишке ашары ***–бай*** формасында уюшулган сыпат багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу белгилүү болуп турат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элин жана жалпы элдин тилин жараткан “Манас” эпосундагы багыныңкы сүйлөмдөр мазмунду байытып, эмоционалдык-стилистикалык жаңы түскө, боектуулукка ээ кылып, кепте образдуулукту жана элестүүлүктү жаратат. Ыргакты эпке келтирип, ыраттуулукту сактап, угумдуулугун, мукамын арттырат, каармандардын ал-абалын, психологиялык жактан реалдуу чагылдырууга көмөктөшөт жана андагы өзгөчөлүктү, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кандайча аткарылышын толук ачып берет. Бул изилдөөнүн обьектисине толук алынууга тийиш. Ошондуктан “Манас” эпосун лингвистикалык планда ар тараптан терең изилдөө - биздин Манастын, анын автору кыргыз элинин алдындагы гана милдетибиз эмес, ал дүйнөлүк маданияттын, анын дүйнөлүк окуучусунун алдындагы милдетибиз.

Адабияттар:

1. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. - Л., 1974.
2. ”Манас” энциклопедиясы. - Б., 1995.
3. Каралаев С. “Манас” эпосу.